**Э.Керимгазиев атындагы Темир 1 жалпы орто билим беруу мектебинин «Насаатчылар кеңешинин» 2020-2021 окуу жылындагы №1 Кенешмесинин Токтому**

Катышканы 18 себептуу –

Каралуучу маселе:

1.Жаш адистер менен таанышуу. Устаттарды бекитуу.

2.Мектептин окуу программаларын нормативдик актыларын тааныштыруу.

3.Дистанттык сабак отуу,видео сабак отууну уйротуу, кайтарым байланыш алууга конуктуруу.

4.Журнал толтуруу,сабактын планын жазуу,сабакка даярдануу боюнча кенеш беруу.

**Биринчи маселе боюнча угулду:** окуу болум башчысы Арстаналиева.Ч. томонкулорго токтолду.Жаны келген мугалимдерди тааныштырып кыскача маалымат берди.Ар бири менен баарлашуу болду.жаш адистерге насаатчы мугалимдерди бкитуу болду.

Толон кызы Элзат – Маргазиева Кымбат

Аширова Жылдыз – Жумадилова Бактыгул

Жолдошбек кызы Аяна – Жайсанова Фатима

Омурбекова Ажар – Куренкеева Элиза

Омурканова Бегимай – Кудакеева Бактыгул

Бекболот кызы Айнагул – Осмонбекова Анара

Токобекова Самара – Мамбеталиева Рыскан

Жарыш созго:Мектеп директору Тулекеева Н.И. чыгып,жаш адистерге оз ишин суйууго,талыкпай эмгектенууго,чыгармачыл адис болууга,сапаттуу билим беруудго умтулгула деген каалоо,тилектерди айтты.

**2-маселе боюнча угулду.**

Угулду:Жайсанова Фатима томонкулоргоо кайрылды. Мектептин окуу программасы нормативдик актылары менен тааныштырды.

3-маселе боюнча.Маргазиева Кымбат томонкулорду айтты.Азыр кырдаалга жараша окуучулар дистанттык формада билим алып жатышат ошол себептен сабакты дагы сапаттуу,балага жеткиликтуу отууго уйрону силер учун чон милдет.Балдарга жон кана тушундурмо бергенден корок кызыктуу видео сабак жасап жонотсонорр мазмундуу болот.Интернетте даяр сабактар дагы болот ошолордон колдонсо болот.

Жарыш созго:Самара жаш адис чыгып томонкулорду айтты.Кайтарым байланыш видео сабак жасаганга конугуп калдым,коп маалымат интернет булагынан алып турам.

**3-маселе боюнча угулду:** ОББ Арстаналиева Чолпон томонкулорго кайрылды.Журнал толтуруу бул чон иш деп айтып инструктаж жургузду.Сабакка даярданууда ар бир баланын жаш курагын эске алгыла,жондомуно карата ташырма тузгуло,шыктандыра билгиле.Окуучуну алдыга суроого уйронгуло деген кенештерин айтты.

**Токтом кылынат.**

1.Жаш адистер менен устаттар дайыма тыгыз байланышта болуп методикалык жардамдар корсотулуп турулсун.

2.Дистанттык сабак даярдоо,отуу боюнча насаатчы мугалимдер дайым колдоо корсотуп козомол жургузуп турсун.

3.Сабактын планын тузуу,журнал толтуруу боюнча козомол дайыма насаатчы тарабынан жургузулсун.

**Э.Керимгазиев атындагы Темир 1 жалпы орто билим беруу мектебинин «Насаатчылар кенешинин» 2020-2021 окуу жылындагы**

**№2 Кенешмесинин**

**Токтому**

Катышты:18 себеп: -

Каралуучу маселелер:

1.Класс жетекчи катары иштерди уюштуруу.

2.Жаш адистерге берилген усулдук жардамдар,сабактарына Катышуу жыйынтыктары.

3. Жаш адистердин жумалыгынын жыйынтыктары.

1-маселе боюнча: Угулду. мектептин тарбия завучу Маргазиева Кымбат томонкулорго кайрылды 1-сентябрдан бери ноябрь айына чейин сабактар кл.жет. иштери онлайн отулду.Бул учурда кл.жет. катары Самара 4-5 тарбиялык сабактарды озу тузду, балдарга таасирдуу сабактарды жасады, ошондой эле Элзат эн жакшы тарбиялык сабактарды ото алды. Аяна дагы тарбиялык сабактарды корсото алды. Класс жетекчи катары жаш адистер коп иштерди жасашты. Учурунда сабактар жасалды,балдар менен тартиби,оздук жашоосу,мигранттык балдары кооптуу уй булолор менен коп иштерди жасашты.Рейддерди жургузуп суротторго тушуп,отчет берип турушту.Жалпы класс жетекчи катары иштери жакшы деп айта алам.

Жарыш созго: Насаатчы Мамбеталиева Рыскан чыгып томонкулорду айтты.Самарага мен коп сунуштарды айтып келем,ата-энелер менен байланыш тузуу боюнча конуктуруп жатам.

**2-маселе боюнча.**Осмонбековаа Анара насаатчы мугалим томонкулорду айтты.Мен Айнагулдун сабактарына катышып усулдук жардам корсотуп жатам,тетрадь текшеруу,журнал толтуруу,стандарттык план,сабактын структурасы жонундо коп сунуштарды берип жатам.Айнагул аракетчил,тырышчаак коп изденип сабак отот.Баалоо жана тест тузуу боюнча дагы усулдук жардам керек болууда.

Куренкеева Элза жарыш созго чыгып томонкулорго кайрылды.Мен Ажардын сабактарын катышып турам мурдагыга караганда жылыш бар.Аракет кылып жатат,видео сабактарды дагы онлайн учурунда тартты.Аз кемчиликтерин озуно билдирип турдум.

Насаатчы мугалим Маргазиева Кымбат томонкулоду айтты.Элзат менде 1 жылдан бери насаатчылыкта журот.Иш кагаздары жакшы,жоопкерчиликтуу.Сабактары откон эн жакшы максатына жетет.Окуучулар менен тил табыша билет.Эн жакшы жыйынтык берет деп айта алам.

Жумадилова бактыгул менде Аширова Жылдыз.Анын иш кагаздарын коруп турам баары жакшы.Сабактарында ар турдуу ыкмаларды колдонот.Стандарттык эмес сабактарын дагы кордум,аракети жакшы,балдарга жондомуно,жаш озгочолугуно карата мамиле кыла алат.Окуучуларды алдыга карай шыктандыра билет.Жыйынтыгы эн жакшы жетишкендиктер бар.

**3-маселе боюнча:** Угулду. Жумадилова Б. томонкулорго токтолду.Декабрь айында жаш мугалимдер жумалыгы болуп отту. 1-декабрьда Кудакеева Бактыгул устат катары 4 «В» классында орус тил сабагынан сабактын этаптарын корсотуп жаш мугалимдерге улгу берди.1.Шыктандыруу. 2.Тема жана кутулучу натыйжаны жарыялоо. 3.тема боюнча зарыл

маалыматтарды берди. 4.Сабактын борб.болугуно интерактивдуу конугулорду. 5.Сабактын жыйынтыгын чыгарып натыйжасын баалады.Эн сонун сабак корсотуп бере алды.
Орус тил муг.Айнагул Бекболотовна 7«в» кл. «Животные» деген темада сабак отту.
Омурканова Бегимай 2 «А» кл. «Лесные жители» деген темада сабак отуп берди.
Жолдошбек к Аяна 2 «В» кл. «Ит менен мышык» мекен тануу сабагынан отуп берди.
5 «А» кл. Толон кызы Элзат информатикадан «Информацияны коддоо» деген темада сабак отту.
Даярдоо класстарында Узакова Назира кеп остуруу боюнча «Жаратылыш кубулушу» деген темада сабак отту.
Отулгон сабактар боюнча жыйынтык оз учурунда чыгарылып,сунуштар берилди. Иш кагаздарын текшеруу учурунда баары толук, пландары стандартка ылайык тузулгон,завуч аркылуу бекитилген.Жаш мугалимдердин сабактары жакшы отулду изденишкен ,ТСО колдонушкан, чыгармачылык жылыш бар.

**Токтом кылынды.**

1.Класс жетекчи катары иштер дагы тынымсыз жургузулсун. Кыздар,балдар ата-энелер менен мигранттын балдары,коопту уй булоолор менен жургузулгон иштер кучотулсун.Козомолго алуу ар бир насаатчы мугалимге жуктолсун.
2.Дайыма насаатчылар тарабынан усулдук жардам жаш адистерге коргозулуп турсу.Сабактарына катышып усулдук жардам беруу жандандырылсын.козомолго алуу ОББ Арстаналиевага жуктолсун
3.Жаш адистерге улгу сабактарын корсотуп бергендиги учун Кудакеева Бактыгул Эсентуровнага ыраазычылык берилсин. Эн жакшы отулгон сабак деп Толон кызы Элзаттын,Аширова Жылдыздын сабактары табылсын.

**Насаатчылык жөнүндө жобо**

**1.1.** Насаатчы мугалим жалпы билим берүүчү уюмдун мугалимдери, билим берүү предметтери, билим берүү тармагы, тарбия иштери боюнча жаш мугалимдерге усулдук жардам, усулдук тажрыйба алмашууну жүргүзүүчү мугалим болуп саналат.
**1.2.** Насаатчы мугалим өз ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамын, "Мугалимдердин статусу" жана Кыргыз Республикасында билим берүү тармагын өнүктүрүүнүн стратегиялык планын жетекчиликке алуу менен иш алып барат.
**1.3.** Насаатчылык – насаатчы тарабынан төмөндөгү белгиленген "жаш адистерге" ар тараптуу көмөк көрсөтүү иш – аракети:

- педагогикалык билими бар, бирок билим берүү мекемелеринде педагогикалык ишмердүүлүктүн эмгек стажына ээ боло элек жаш адистерге насаатчылык жардамы көрсөтүлөт;
- окуу-тарбия процессинде кошумча жардамга муктаж болгон адистерге (мугалимдерге) насаатчылык көмөк көрсөтүлөт;
- мугалимдик кызматта окутуу усулдары боюнча кесиптик иш билгиликтерин тереңдетү талап кылынса
- билим берү мекемелеринде педагогикалык эмгек тажырыйбасы жок,педагогикалык эмес окуу жайларды бүтүрбөгөндөргө
- педагогикалык адистер боюнча сырттан дистанциялык жол менен окуп жаткан студенттерге
- Насаатчы-бул предмет жана окутуу усулу жаатында мыкты кесипкөй жана инсандык сапаттарга ээ болгон педагог

1.2.Насаатчылык-жаш адистин педагогикалык ишмердиги үчүн зарыл иш билгичтиктерин өнүктүрү боюнча насаатчынын жугумдуу,жекече иш жүргүзүшү

.1.3.Насаатчылыктын укуктук негизи болуп Кыргыз Республикасынын Билим берү жана илим министрлигинин ушул жобосу,башка мыйзам жана ченем актылары саналат

2.Насаатчылыктын максаттары жана милдеттери

2.1.Насаатчылыктын максаты-жаш адистерге кесиптик такшалуу жагынан жардам көмөк көрсөтү аркылуу мектептик кадрлар маселелерин чечүгө өбөлгө түзү

2.2.Насаатчылыктын негизги милдеттери

- мектеп маданиятына көнүктүрү,мектеп жамаатынын мыкты сапаттарын жана адеп ченемдерин өздөштүрүгө көмөктөшү
- жаш адистердин педагогикалык ишке дилгирлигин ойготуу жана аларды мектепте алып калуу
- жаш адистин кесиптик өсүшүн камсыздоо тапшырылган милдеттерди өз алдынча сапаттуу аткаруу жөндөмүн өнүктүрү

3.Насаатчылыктын уюштуруу негиздери

3.1.Насаатчынын талапкердиги мектептин усулдук бирикмелеринин(МУБ)жыйындарында көрсөтүлүп мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары менен макулдашылып,мектеп директорунун буйругу менен бекитилет.Насаатчыны бекитү

жөнүндө буйрук жаш адисти тийиштү кызматка дайындоодон эки жуманын ичинде чыгарылат

3.2.Насаатчылык жагынан жетекчиликти мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары жана МУБ башчылары жүргүзөт

3.3.МУБ жетекчиси насаатчыны кесиптик даярдыгы жогору,усулдук иш жагынан тажрыйбалуу,ошондой эле беш жылдан ашуун педагогикалык тажрыйбасы бар мугалимдердин ичинен сунуштайт

Ар бир мугалим бир убакта экиден ашпаган жаш адиске насаатчы боло алат.

3.4.Насаатчы анын өзү жана жаш адис макул болгон шартта дайындалат.Насаатчы жаш адиске үч жыл көз салат

3.5.Насаатчы төмөнкүдөй учурларда мектеп директорунун буйругу менен алмаштырылат

- насаатчы жумуштан бошотулганда
- жаш адис же насаатчы жумуштан бошотулганда
- насаатчы менен жаш адис психологиялык жактан сыйыша албай калганда
- насаатчы тартип жоопкерчилигине тартылганда

3.6.Насаатчынын ишинин ийгилиги жаш адистин кесиптик өсүшүнө жараша бааланат

3.7.Ишинин ийгилиги үчүн насаатчы шыктандыруу тутумунун алкагында сыйланышы мүмкүн

3.8.Насаатчылардын демилгеси боюнча насаатчылар кеңеши түзүлүшү мүмкүн

4.Насаатчынын милдеттери

Насаатчынын төмөнкүдөй милдеттери бар

- билим берү жаатындагы мыйзамдардын жана жаш адистин ээлеген кызматына жараша укук-милдеттерин аныктоочу ченемдик-укуктук актылардын талаптарын билү
- жаш адистин кесиптик ишмердигине тиешелү муктаждыктарын аныктап билү
- жыл сайын жаш адис менен биргеликте анын кесиптик өсүш планын иштеп чыгуу,белгилү мөөнөтгө аткарылуучу конкреттү тапшырмаларды берү, аткарылышына көзөмөл жүргүзү,керектү жардамдарды берү
- жаш адиске сабакты пландап өткөрүнүн практикалык ыкмаларын жана жолдорун өздөштүрү жагынын көмөктөшү,ишиндеги күчтү жана начар жактарын аныктап талдоо жана кемчиликтерин жоюу жолдорун белгилөө
- жаш адиске мектеп документтерине(календардык,сабактын күнүмдүк,тарбиялык пландарды,окуучулардын өздүк иштерин,окуу журналын ж.б)тиешелү жазууларды жүргүзүнү үйрөтү
- кызматка киргизү(мугалимге коюлуучу негизги талаптар,ички эмгек тартибинин,эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери менен тааныштыруу)
- жаш адистин ишине байланышкан маселелерди талкуулоого катышуу

- түзүлгөн планга ылайык иш жүргүзү,анын аткарылышы тууралуу МУБ жетекчисине өз убагында билдирип туруу

5.Насаатчынын укуктары

Насаатчынын төмөнкүдөй укуктары бар

- сабактарды,класстан тышкаркы иштерди байкап,талдоо

Жаш адистен оозеки жана жазуу жүзүндөгү жүргүзгөн отчетторун талап кылуу

- мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын жана МУБ башчысынын макулдугу менен жаш адисти окутуп үйрөтүгө мектептин башка мугалимдерин да катыштыруу
- кесиптик ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо
- жаш адис менен иштөөдөн баш тартуу
- насаатчылык жамаатында кесиптик чеберчилигин жогорулатуу

6.Жаш адистин милдеттери

Насаатчы менен иштеген мезгилде жаш адистин төмөнкүдөй милдеттери болот

.Кыргыз Республикасынын «Билим берү жөнүндө», «Мугалимдин макамы жөнүндө»мыйзамдарын,о.э өз ишмердигин,мектептин түзүмүн,иштөө өзгөчөлүктөрүн жана функционалдык милдеттерин аныктоочу ченем актыларын окуп-үйрөнү

- Насаатчы менен иштешү планын аткаруу
- өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун үстүндө үзгүлтүксүз иштөө
- насаатчыдан жаңычыл усулдарды жана иштөө ыкмаларын үйрөнү
- өзүнүн жалпы билим жана маданий деңгээлин өркүндөтү
- насаатчы менен бирге иштелип чыккан планга ылайык өз ишмердиги жөнүндө отчет берип туруу

7.Жаш адистин укуктары

Жаш адистин төмөнкүдөй укуктары бар

- насаатчыдан жардам алуу
- өз ишин жакшыртуу боюнча сунуштарын мектеп жетекчилеринин кароосуна коюу
- кесиптик ар- намысын жана кадыр баркын коргоо
- өз ишине баа берген даттануулар жана башка документтер менен таанышып көрү алар боюнча түшүндүрмө берү
- өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуу
- кесиптик адеп ченемдеринин бузулушуна байланыштуу өзүнүн таламдарын коргоо
- насаатчыменен иштөөдөн баш тартуу

8.Насаатчынын ишин жетектөө

8.1.Мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын төмөнкүдөй милдеттери бар

- жаш адисти мектептин педагогикалык жамаатына тааныштыруу ,ага насаатчынын бекитилгендиги жөнүндө буйрукту жарыялоо
- жаш адистин насаатчы менен биргеликте иштеши үчүн зарыл шарттарды түзү

- жаш адис менен насаатчынын өткөргөн айрым сабактарына жана сабак боюнча класстан тышкаркы иш-чараларына катышуу
- насаатчылардын жаш адис менен иштешү планын түзүшүнө усулдук колдоо көрсөтү жана практикалык жардам берү
- билим берү уюмундагы насаатчылыкты уюштуруу боюнча алдыңкы тажрыйбаны иликтөө,жалпылоо жана жайылтуу

8.2.Мектептеги усулдук бирикменин жетекчисинин төмөнкүдөй милдеттери бар

- усулдук бирикменин отурумунда насаатчынын иш планын карап чыгуу
- насаатчынын жаш адис менен иштешүсүнө тутумдуу,ырааттуу колдоо көрсөтүп туруу
- мектептеги усулдук бирикменин отурумунда насаатчынын жана жаш адистин отчетун угуу,алардын тыянактарын мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарына тааныштыруу

9.Насаатчылыкты жөнгө салуучу документтер

9.1. Насаатчылыкты жөнгө салуучу документтерге төмөнкүлөр кирет

- насаатчылык жөнүндө жобо
- насаатчыга жаш адис бекитилгендиги тууралуу мектеп директорунун буйругу
- насаатчынын жаш адис менен иштешү планы
- насаатчы менен жаш адистин аткарган иши жөнүндө отчеттору
- өз ара сабакка жана класстан тышкаркы иштерге катышуу,аларды талдоо жана өзүн-өзү талдоо (ой жүгүртү) дептерлери
- насаатчылык маселелерин караган педагогикалык кеңештердин (эгер бар болсо)отурумдарынын протоколдору

**Жаш мугалимге жардам көрсөтү анкетасы**

1.Сиздин кесиптик даярдыгыңыздын деңгээли сизди канааттандырабы?

.Ооба .Жок .анча эмес бир аз

2.Педагогикалык ишиңиздин башында сизге кандай билимдер ,билгичтиктер,көндүмдөр же жөндөмдөр жетишкен эмес

-----------------------------------------------------------------------

3.Окутуу- тарбиялоо процессин уюштуруунун кайсы багыттарында сиз кыйналасыз?(Берилген суроолордон бир же бир нечесин тандап алыңыз)

- календардык-тематикалык пландаштырууда
- сабак өтүдө
- класстан тышкары иш-чараларды өткөрүдө
- кесиптештер,админстрация менен сүйлөшүдө
- окуучулар жана ата-энелер менен сүйлөшүдө
- башка жазыңыз

4.Сиз үчүн эмнелер кыйынчылык туудурат

(Берилген жооптордон бир же бир нечени тандап алыңыз)

- сабактын максатын жазуу
- сабактын максатын ишке ашыруу үчүн усулдар менен ыкмаларды тандоо
- окуучулардын ишмердүлүгүнө түрткү берү
- көйгөйлүсуроолорду берү
- окутууда көйгөйлү изденү кырдаалдарын түзү
- сабакта окуучуларды активдештирү
- окуучулар ортосунда кызматташтыкты уюштуруу
- окуучулардын чыгармачыл жөндөмдөрүн өнүктүрү
- башка жазыңыз

5.Сиздин кесиптик компетенттүлүгүңүздү жогорулатуунун кайсы формаларына биринчи ,экинчи ж.б орун бермек элеңиз(тандаганыңызга жараша иреттик санды коюңуз)

(Берилген жооптордон бир же бир нечени тандап алыңыз)

-өз алдынча билим алууга

чеберчиликти жогорулатуу курстарына

-практикага багытталган семинарына

мастер –класстарына

чыгармачыл лабороториясына

-насаатчы тарабынан жекече жардамга

сабак боюнча кафедрага

же жаш адистердин мектебине

# Насаатчылыктын максаттары жана милдеттери

Насаатчылыктын максаты – жаш адистерге кесиптик такшалуу жагынан көмөк көрсөтүү аркылуу мектептин кадрлар боюнча мүмкүнчүлүгүн бекемдөө.

**Насаатчылыктын  негизги милдеттери**

- Мектеп маданиятына көнүктүрүү, мектеп жамаатынын мыкты салттарын жана ченемдерин өздөштүрүүгө көмөктөшүү.
- Жаш адистердин педагогикалык  ишке дилгирлигин ойготуу жана аларды мектепте алып калуу.
- Жаш адистин кесиптик өсүшүн камсыздоо. Тапшырылган милдеттерди өз алдынча, сапаттуу жөндөмүн өнүктүрүү.

**Насаатчынын милдеттери:**

Билим берүү жаатындагы мыйзамдардын жана жаш адистин ээлеген кызматына жараша укук – милдеттерин аныктоочу ченемдик- укуктук актылардын талаптарын билүү.

- Жан адистин кесиптик ишмердигине тиешелүү муктаждыктарын аныктап билүү.
- Жыл сайын жаш адис менен биргеликте анын кесиптик өсүш планын иштеп чыгуу, белгилүү мөөнөтүнө аткарылуучу конкреттүү тапшырмаларды берүү.
- Жаш адиске сабакты пландап өткөрүүнүн практикалык ыкмаларын жана жалдорун өздөштүрүү жагынан көмөктөшүү, ишиндеги күчтүү начар жактарын аныктап талдоо жана кемчиликтерин жоюу жолдорун белгилөө.
- Жаш адистке мектеп документтерин ( календардык сабактын күнүмдүк, тарбиялык пландарды, окуучулардын өздүк иштерин, окуу журналын ж.б) тариздөөнү жана жүргүзүүнү үйрөтүү.
- Кызматка киргизүү (мугалимге коюлуучу негизги талаптар, ички эмгек тартибинин, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери менен тааныштыруу).
- Жаш адистин ишине байланышкан маселелерди талкуулоого катышуу.
- Түзүлгөн планга  ылайык иш жүргүзүү, анын аткарылышы тууралуу УБ жетекчисине өз убагында билдирип туруу.

# Насааатчылыкты уюштуруу

**Насаатчылык** –педогогикалык  тажрыйба менен бөлүшүүнүн бир формасы болуп саналат, анын жүрүшүндө ишмердигин жаңы башталган же колдоого муктаж педагог усулдук ыкмаларды устат педогогдун жетекчилигинин алдында иш жүзүндө өздөштүрөт.

**Насаатчылыкты уюштуруу** – бул жаш адистин кесиптик калыптанышы жана өнүгүшү үчүн тажрыйбалуу педагогдун жеке окутуусунун жана тарбия берүүсүнүн формасы.

## **Насаатчылар кеңешинин функциялары**.

1. Насаатчыларга коюлуучу бирдиктүү талаптарды иштеп чыгуу.
2. Насаатчылык тажрыйбасын жалпылоо жана жамааттык баа берүү.
3. Насаатчылардын кесиптик даярдыгын жогорулатууну уюштуруу.
4. Насаатчылыктын натыйжалуулугу, усулдук иштелмелерди жана сунуштарды даярдоо менен байланышкан көйгөйлөрдү изилдөө.

## **Насаатчылар кеңешинин милдеттери**.

1. Насаатчылар резервин тандоого жана жаратууга катышуу
2. Насаатчыларга усулдук жана практикалык жардам көрсөтүү.
3. Насаатчылардын алдыңкы иш тажрыйбасын изилдөө, жалпылоо жана жайылтуу.
4. Чогулуштарда насаатчылардын жана жаш адистердин аткарган иштери жөнүндөгү отчетторду угуу.